Акматалиев Ж

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ЖАНЫБАРЛАРДЫН МАНАС ЭПОСУНДА СИМВОЛ КАТАРЫ ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

«Манас» эпосу - оозеки айтылып, кыргыз элинин башын бириктирип келген, касиеттүү көркөм чыгарма. «Манас» эпосунун эң негизги мааниси кыргыз элинин тилин жана улуттук өзгөчөлүгүн сактап келишинде. Кылымдап жашап келген кыргыз элинин каада-салтын, дүйнө таанымын, негизги тарыхый окуяларын, оозеки көркөм чыгарма болсо дагы боюна сиңирип, кыргыз элинин эгемендүүлүктү эңсеген аруу тилек максатын, ошондой эле диний ишенимдерин, тил байлыгын жана илимий түшүнүктөрүн сактап калган. Илимий түшүнүк демекчи, «Манас» эпосунан табигый илимдерге тиешелүү кыргыз элинин бай түшүнүгүн окуп көрүп, таң калбай кое албайсың. Алардын ичинен жаныбарлар жана өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн аталыш-тарын кыргыз тилинин биологиялык терминдик казынасын толуктоо үчүн пайдаланууга болот. Эпостун манасчы Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча жарык көргөн төрт томдугунда өсүмдүктөрдүн 70ке жакын, жаныбарлардын энчилүү аттары менен жүздөн ашык атоолору кезигип, алардын түрлөрү өзгөчөлүктөрү мүнөздөлүп айтылган.

Эпосто арал жана бадал өсүмдүктөрү түзгөн токойлор жана анда жашаган жаныбарлар тууралуу да айтылат. Эпостогу ландшафтты сүрөттөөлөр аркылуу туулганы көрбөгөн жерлер тууралуу манасчылардын эң сонун айтышы, ал аймактарды жердеген жаныбарларга мүнөздөмө бериши дагы таңкалычтуу. Маселен, Манас туулуп өскөн Алтай аймагы жөнүндө «бугу оттогон жерлери, булуңдуу токой черлери» деп баяндоо менен «бер жагында кырк күндүк, караңгы токой чер бар дейт» деп, «көк ала майда шиберди аралап» жайылып жүргөн жандыктар, малдар тууралу айтуу менен, Алтай аймагынын байыркы токойго, түркүн өсүмдүктөргө бай кооз жер экендигин, биогеоценоздук өзгөчөлүгүн так чагылдырат (2; 148).

Ал эми Алтайдан Ала-Тоого көчкөн эпизодунда улам бир аймакты сындап кызыктуу географиялык мүнөздөмө берүү менен, жер, суулардын топономикалык аталыш-тарын ал аймактарды жердеген жаныбарлар жана өскөн өсүмдүктөрдүн аты менен берет. Изилдөөчү Э. Абдыл-даевдин байкоосу боюнча, топонимдердин көптүгү жагынан «Манаска» бир дагы эпикалык чыгарма тең келбейт. Эпостун Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча жарыяланган китептеринде 532 топоним жолугат, кайталангандары менен кошо эсептегенде бул сан алда канча көбөйөт. Мисалы, Алтай, Анжыян, Бээжин, Какан, Каспаң, Кашкар, Каркыра, Талас ж.б. (2; 65)

Ал эми жаныбарлардын аты менен аталган жерлер эпосто өзгөчө көп кездешет. Мисалы илгертен каркыралар байырлаган Каркыра жайлоосун манасчы Сагымбай Орозбак уулу географиялык шартын айтуу менен өзгөчө сүрөттөйт:

Барыңарга эп болсо,

Бабаңар айткан кеп болсо,

Күн батыш жагы Ысык –Көл,

Ар тарабы бирдей тең,

Иледен ылдый айдаса,

Ат чабуучу жери кең.

Ашка ылайык ушу бар,

Ар тараптан салаалап,

Аккан булак суусу бар,

Кең Каркыра атагы,

Сиркедей шакел чыкпаган,

Кайнатып алма тузу бар,

Карагай кайың тереги,

Канчалык жагып жатсаң да,

Отунга тиер керети.

Ат чабылар жери мол,

Ашка ылайык жер ошол (СО, 3. 77).

Ал эми Алтайдан көчүп келген Манастын эли кара кулжалар көп кездешкен Кара-Кулжа аймагынан аң уулашкан. Бул жөнүндө мындайча сүрөттөйт:

Кароолдуктун тоосунан,

Карыя Бакай абасы,

Көмүрдөй кара кулжадан,

Көбүн атып салыптыр,

Акыр заман журтуна,

Кара-Кулжа атагы,

Так ошондон калыптыр. (СО. 2. 170)

Капкара болгон кулжадан,

Элүү төртүн атышып…

Баатырлар жолго салыптыр,

Кара-Кулжа атакка,

Жер атагы калыптыр (СО, 2. 288)

Жогорудагыдай сүрөттөөлөр менен Кара-Буура, Кочкор, Тулпар казык, Шумкар-Уя, Куш мурун, Кулун (көл), Ала-Канчык, Аңырдын сазы, Ат-Башы, Ач-Марал, Бото-Мойнок, Жоргонун-Бели, Ит-Кечүү сыяктуу жаныбар-лардын аталыштарына байланышкан жерлер эпосто эң сонун сүрөттөлүп, учурда дагы географиялык реалияда жер-суу аталышы катары колдонулуп келет. Ал эми чет өлкөлөрдүн аймактарында жаныбарлардын ата-лышы менен аталган жерлер дагы эпосто кездешип, кеңири масштабды ээлейт. Мисалы: Кулжа, Тай-Ашуу (Кытайда Шиңжаңда), Кундуз

(Афганистанда), Кулан–Жайлак (Алтайда), Ит-Ичпестин Ала-Көл, Козу-Башы (Казакстанда) ж.б.

Ал эми жаныбарлар жөнүндө айтсак, эпосто мифтик жаныбарлардан тартып, учурда жашап жаткан жаныбарларга чейин кеңири сүрөттөлөт. Ошондой эле кээ бир жаныбарлардын тартынбастыгы, ыкчамдыгы, айбаты баатырларды мүнөздөөдө да колдонулат.

«Манаста» да мифтер, диний белгилер кезигет, бирок анда реалдуулук көбүрөөк. «Манас» - кыргыз элинин энциклопедиясы, ал эми энциклопедия жалаң гана мифтерден, диний элементтерден түзүлбөйт», – деп окумуштуу философ Ш.Шакитов эң туура айткан (Гомер жана Саякбай//Рух кенчи. № 03 (99) март, 2013-жыл).

Манас баатырдын сүрүнө сүр, айбатына айбат кошуп ээрчип жүргөн баатырлыктын, айкөлдүктүн символуна айланган мифтик жана реалдуу жаныбарлар эпосто өзгөчө баяндалат:

Кара чаар кабылан,

Капталында чамынып.

Чолок көк жал арстан,

Жан жагынан камынып.

Бет алдында сур жолборс,

Пендеде мындай жан болбос

(СК,1. 148)

Ажыдаар - жыланы,

Артынан сойлоп калгандай.

Көсөө куйрук көк бөрү,

Көкжал эрдин жөөкөрү,

Көтүнөн ээрчип алгандай.

Асман жаккы айбаты,

Алп кара куш арбайып,

Асмандан бутун салгандай

(СО, 2. 186)

Асмандан Алп кара куш, астынан ажыдаар сүрөп, көсөө куйрук көк жал бөрү, кара чаар кабылан капталынан чамынып, жолборс, шер, арстандар коштоп, эбегейсиз баатырлыкты, кайраттуулукту символдоштуруу менен зооморфтук укмуштуу образды түзөт. Символ демекчи, Манастын энесинин жолборстун жүрөгүнө талгак болуусу келечекте төрөлүүчү баатырдан кабар берет. Манастын жөн эмес, ыйык, жогорку күчтөрдүн таасири, эрки менен төрөлгөндүгүн анын душмандарынын чоочулап:

«Ач арстан түрлөнгөн,

Атактуу Манас кан чыгат,

Ошонун каарынан жан чыгат,

Ал бурутта туулат,

Манас атка мингенде,

Сенин тыргоотуң тыйпыл кырылат.» (СК. 1. 40) -деп корко баштаганынан көрүүгө болот. (3; 37)

Ошондой эле эпосто тотем жаныбарлар (кайберен, бугу, көк бөрү, жолборс, Кумайык, Ак-Шумкар) жана мифтик ажыдаар, Алп кара куштар күч-кубаттуулуктун символу катары баатырларды сүрөттөөдө колдонулат. Ал эми ак куунун кебин кийген Айчүрөктүн образы аруулуктун жана ашыктыктын символуна айланат.

Мындан сырткары, эпосто зоонимдер сюжеттин кызыктуулугун арттырып, өзгөчө көп пайдаланылат. Мисалы, үй жаныбарларынан Аккула, Сарала, Тайтору, Тайбуурул, Мааникер, Арчатору, Ачбуудан, Алгара ж.б. (ондогон жылкы тукумунун энчилүү аттары); Кумайык, Актайган (иттин энчилүү аттары); Ак шумкар (алгыр куштун аты); Желмаян, Куу Инген (төөнүн энчилүү аттары). Мындан сырткары, жапайы жаныбарлардан да Куу Кулжа, Куу Өрдөк, Куу түлкү сыяктуу мифтик душмандын кароолчу жаныбарларынын эчилүү аттары да кездешет.

Эпосто жаныбарларлардын көптө-гөн түрлөрү жер-суунун көркү экендиги айтылат. Эпосто кездешкен реалдуу жапайы жаныбарларды элдик түшүнүк боюнча төмөндөгүдөй топторго бөлүүгө болот:

Кайберендер: аркар кулжа, бугу- марал, эчки теке, элик куран ж.б.

Илбээсиндер: ак куу, каз, өрдөк, чүрөк, аңыр, улар, кекилик, чил, көгүчкөн, кыргоол, тоодак, каркыра, турна ж.б.

Аңдар: карышкыр, түлкү, илбирс, сүлөөсүн, аюу, жолборс ж.б.

Алгыр куштар: бүркүт, ителги, шумкар, ылаачын, жагалмай, карчыга, турумтай, кыргый, күйкө, куш, туйгун, үкү, бабырган ж.б.

Боз куштар: чымчык, таранчы, куркулдай, чакчыгай, бөдөнө, ызгыт ж.б.

Сайроочу куштар: булбул, тоту, торгой ж.б.

Тарпчылар: жору, кузгун, карга, сагызган ж.б.

Төрт түлүк мал: жылкы, төө, топоз, уй, кой, эчки. Булардан башка бака, жылан, кескелдирик жана курт-кумурскалардын түрлөрү жөнүндө маалымат алууга болот.

Жыйынтыктап айтканда, манасчылардын жаны-барлар тууралуу элдик түшүнүктөрдү өз варианттарында кеңири чагылдырышы кыргыз элинин биологиялык терең түшүнүгүнөн кабар берет. «Манаста» алгыр куштар - эркиндиктин, баатырлыктын; ак куу - сулуулуктун, аруулуктун; көк бөрү, арстан, жолборс, кабылан, шерлер -кайраттуулуктун, айбаттуулуктун, эрк-түүлүктүн символдук образын чагылдырып, угармандар менен окурмандардын эпоско болгон кызыгуусун арттырат.

Адабияттар:

1. Манас энциклопедия. 1-тому Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, «Мурас» илимий-пропагандалык ишкер долбоору. –Бишкек, 1995.

2. Манас энциклопедия. 2-тому Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, «Мурас» илимий-пропагандалык ишкер долбоору. –Бишкек, 1995.

3. Дүйшөнбиев С.С. «Манас» эпо-сундагы өз карандысыздык идеясы.

–Б., 2008.

4. Каралаев С. Манас. 1 к. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984.

5. Орозбаков С. Манас. 2 к. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982.